| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА ОШ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ | | ОШСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
| --- | --- | --- |
| 723510, Ош шаары, Ленин көчөсү 221<br>тел./факс 5-53-44 | | 723510, город Ош, ул. Ленина 221<br>тел./факс 5-53-44 |


**Ош аймактык шайлоо комиссиясынын**

**№22/2 ЧЕЧИМИ**

**Ош шаары** **31.10.2024-ж.**

**Рахманов Дилмурад Дилдорбековичтин "Бир бол" саясий партиясынан Ош шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкерлер Алимов Козимжон жана Хамдамов Сухботилло шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү боюнча шайлоо мыйзамдарын бузгандыгы тууралуу арызы жөнүндө.**

2024-жылдын 26-октябрында Кыргыз республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан Ош шаарынын Кызыл-Кыштак айыл аймагынын Хошимов көчөсүнүн 23-үйүнүн тургуну, 1973-жылы туулган Рахманов Дилмурад Дилдорбековичтин «Бир Бол» партиясынан Ош шаардык кеңешине талапкерлер Алимов Козимжон жана Хамдамов Сухботилло Сураташ айылында (WhatsAppта) мыйзамсыз үгүттөө жүргүзгөндүгү жөнүндө жана аймактар аралык касташууну козгоп жаткандыгы, Президенттин айылдардын коммуналдык инфраструктурасын өнүктүрүү жана газдаштыруу боюнча мамлекеттик саясатын этибар албагандыгын билдирген. Бул талапкерлердин каттосун жокко чыгарууну сурайт.

Ош аймактык шайлоо комиссиясы 2024-жылдын 28-октябрындагы отурумунда аталган арызды карап, Д.Д.Рахмановдун арызында жазылган билдирмелер боюнча юридикалык баа берүү үчүн материалдар укук коргоо органдарына жөнөтүлгөн.

31.10.2024-жылы Ош ШИИБдин МЭЖне 02-041-2024-002848 сандуу катталып, тергөөгө чейинки текшерүү иштери башталган.

Ош шаардык ички иштер бөлүмүнүн Тергөө кызматы тарабынан берилген расмий маалыматтарга ылайык, арыз ээси жана арызда көрсөтүлгөн адамдар суралган.

Ош ШИИБ текшерүүнүн жыйынтыгында, «Бир Бол» партиясынан Ош шаардык кеңешине талапкерлер Алимов Козимжон жана Хамдамов Сухботилло маалымат боюнча күбө катары суралып, анда эч кандай үгүт иштерин WhatsApp группада жүргүзбөгөндүгүн айтышкан. Ошондой эле

окуя боюнча Парпиев Нурулло, Киргизбаев Умар, Эргашев Шухратбек күбө катары суралышып, Сураташ аталышындагы вастсапп группада эч кандай шайлоо боюнча үгүт иштери жүргүзүлбөгөндүгү жана К.Алимов жана С.Хамдамов группада жок экенин билдиришкен. Окуянын жагдайына байланыштуу берилген көрсөтмөлөргө баа берилип, Д.Рахмановтун арызында көрсөткөн доомattары өз ордун таппагандыктан жана бул жагдайда С.Хамдамов жана К.Алимовдун кыймыл аракетинде Кыргыз Республикасынын шайлоо мыйзамдарынын ченемдери бузулбаганын, кылмыш жана укук бузуу белгилери байкалбагандыгын бирдирген.

Жогорудагы баяндалгандардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесин, Борбордук шайлоо комиссиясынын 2020-жылдын 11-февралындагы № 41 токтому менен бекитилген Укук бузуулар жөнүндө иштерди шайлоо комиссиясы тарабынан кароонун тартиби жөнүндө жобону жетекчиликке алып,

Ош аймактык шайлоо комиссиясы,

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Рахманов Дилмурад Дилдорбековичтин арызы канаттандыруусуз калтырылсын.
2. Бул чечимдин көчүрмөсү менен Д.Д.Рахманов тааныштырылсын.
3. Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Ош аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы Н.Жабаркуловага жүктөлсүн.

**Ош АШКнын төрагасы:** **К.Т. Бердибекова**

**Ош АШКнын катчысы:** **Н.Н. Жабаркулова**